УДК.: 004.9:811.512.154

# КЫРГЫЗ ТИЛИН БӨТӨН ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

*А.У.Исмаилов, Д.Д.Дуйшенкулова*
*И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы*

# THE MODERN COMPUTER TECHNIGUES IS CONSIDERED ON THE KYRGYZ LESSONS AS NJN-NATIVE LANGNAGE

*D.D.Duishenkulova, A.U.Ismailov*
*Kyrgyz State Technical University after I.Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic*

*Кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуу сабактарында заманбап компьютердик каражаттарды пайдалануу ыкмалары жана анын артыкчылыктары каралат.*

*Information system of training on the Kyrgyz lesson as non-native langnage*

## Киришүү

Акыркы убактарда окутуунун кредиттик системасына өтүү менен тилди окутуунун мазмунун жана ыкмаларын толугу менен кайра карап чыгуу талабы , ошондой эле жаңы окуу-усулдук иштелмелерди түзүүнүн зарылдыгы келип чыкты. Анын негизги максаты күндөлүк кеп байланышынын ар кандай кырдаалдарында тилди билүү көндүмүн калыптандыруу, кыргыз тилин бөтөн тил катары окутууда компьютердик технологияларды пайдалана билүү болуп саналат.

## Изилдөөнүн максаты

Орус тилдүү студенттерге кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуу сабактарында заманбап компьютердик каражаттарды аудиториядан тышкары пайдалануунун ыкмаларын жана айрым өзгөчөлүктөрүн ачып берүү – изилдөөнүн максаты болуп саналат.

Тилди үйрөтүүдөгү инновациялык технологиялар заманбап маалымат технологияларды пайдалануу менен тыгыз байланыштыруу болуп саналат. Азыркы учурдагы компьютердик каражаттар жаңы муундагы окуу материалдарын колдонууга мүмкүндүк берет. Ага интерактивдүү окуу-усулдук комплекстер кирип, кыргыз тилин тайпа боюнча же жекече окутууга керектүү бардык материалдарды өзүнө камтып турат. Ошондой эле Интернет аркылуу бир эле мезгилде аралыктан окутуу үчүн окуу-усулдук жактан колдоо көрсөтүп, өзүнчө интерактивдүү окуу аянтын түзө алат.

## Изилдөөнүн ыкмасы

Бул эмгекте изилдөөнүн салыштырма-баяндоочу ыкмасы колдонулду. Анткени, сөз окутуу орус тилдүү аудиторияга кыргыз тилин үйрөтүү тууралу болуп жаткандыктан, орус жана кыргыз тилдеринин грамматикасын салыштыруу жана сөздөрдү которуу эң зарыл болуп саналат.

## Изилдөөнүн көрсөткүчтөрү

Тилди окуп - үйрөтүүдө маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (МКТ) төмөнкүдөй түрлөрү колдонулат: электрондук окуу китептери, интерактивдүү окутуу куралдары, сурап – билүүчү - маалыматтык булактар (онлайн – котормочулар, сөздүктөр), электрондук китепканалар, электрондук мезгилдүү басылмалар ж.б.

Аралыктан окутуу технологияларын окуу процессинде пайдалануу өзүн төмөнкүдөй бир нече себептер аркылуу актай алды:

Биринчиден, окутуунун жеткиликтүү болуусу камсыз болот. Канчалык аралыкта жана кайсы жерде жүрбөсүн, каалочулар билимдин кайсы түрү болсо да жекече режим менен окуй алышат;

Экинчиден, окутууну уюштуруунун жана маалыматтарды берүүнүн жаңы формалары колдонулат: текст, графика, видео, анимация, сурап-билүүчү, негизги жана коштомо маалыматтардын эң көп көлөмдө болушу;

Үчүнчүдөн, тексттерди, рефераттарды, долбоорлорду жана башкаларды пайдалануу жолу аркылуу билимди, билгичтикти тастыктоонун (сертификация) жаңы формалары киргизилет.

Изилдөөчүлөр электрондук коммуникацияны окутуунун каражаты катары пайдалануу - окутуунун негизги милдеттеринин бири болгон табигый тил чөйрөсүн түзүү маселесин чечүүгө көп жардам берет деп эсептешет. Анткени ал үйрөнүп жаткан тилде сүйлөшүү үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берет[2].

Студенттер окуу сайтынан пайдалана алышат, жаңы лексикалык материалдар менен тааныша алышат, тексттерди окушат, көнүгүүлөрдү аткарып, аларды окутуучулардын электрондук даректерине жөнөтө алышат.

И.Раззаков атындагы КМТУнун Кыргыз тили кафедрасынын окутуучулары ушул учурда «Кыргыз тилинин электрондук практикумундагы стандарттуу лексикалык минимум» аттуу электрондук окуу китебин түзүүнүн үстүндө иштеп жатышат. Китептин биринчи бөлүгү КМТУнун алдындагы АО ж-а КЖИнин билим берүү порталына киргизилген.

Электрондук окуу китебин түзүүнүн башкы максаты – бул кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуу боюнча практикалык курска лексикалык багытта колдоо көрсөтүү болуп саналат. Окутуунун милдети – студенттердин өз алдынча окуусундагы кеп ишмердиктерин уюштуруусуна көмөк көрсөтүү жана багыт берүү, окуу процессин өз алдынча жекече өткөрүү жөндөмүнө ээ кылуу, аудиториядан тышкары убакта алардын кыргыз тилине карата туруктуу жана жылуу мамиледе болушу үчүн мотивациялык негизди калыптандыруу жана ошондой эле лексикалык минимумдарды кеңири колдонуусун камсыз кылуу менен алардын кыргыз тилинде көбүрөөк сүйлөшүүсүнө шарт түзүү болуп саналат.

Бул электрондук окуу китебинин түзүмүндө бир нече тематикалык блоктор бар, алар:

- Турмуш – тиричилик (үй+тиричилик буюмдары+эмеректер);
- Тамактануу (азыктар+дүкөндөр+улуттук тамак-аштар);
- Убакыт (саат убактысы+жыл мезгилдери+аба ырайы);
- Ден соолук (дененин негизги бөлүктөрү+дарттар+дарылоо мекемелери);

Ар бир тематикалык блок коммуникативдик байланышуу милдеттерин калыптандыруу менен башталат, бул өз кезегинде студенттердин кеп ишмердиктерине багыт берип, ошондой эле тиешелүү лексикалык материалдарды тандап алуусун аныктайт. Мисалы, «Убакыт. Время» тематикалык блок боюнча студенттер төмөнкүдөй сүйлөшүү кептерине ээ болуусу керек:

- саат боюнча убакытты аныктап, айтып берүүсү;
- күндүн кайсы мезгили экендигин билип, айтып берүүсү;
- аба ырайы, жыл мезгилдери тууралуу аңгемелешүүсү;

Жогоруда аталган сүйлөшүү кептерин үйрөнүү үчүн студент төмөнкүдөй лексикалык-грамматикалык материалдарды билүүсү зарыл:

- тема боюнча лексиканы (сөздөрдүн тобун);
- типтүү суроолорду жана аларга жооп берүү үчүн күндүн кайсы мезгили, жуманын кайсы күнү, саат боюнча убакыт канча болгондугуна байланыштуу көп колдонула турган жоопторду билүүсү;
- кыргыз тилиндеги жөндөмө категориясын өздөштүрүү.

Ар бир тематикалык блоктун башталышында биринчи таанышуу үчүн сөздөрдүн тематикалык тизмеси сунуш кылынат. Электрондук ресурстардан пайдаланылып, сөздөр менен таанышуу, ал сөздөрдүн графикалык жана визуалдык үлгүлөрүн айкалыштыруу аркылуу жүргүзүлөт: Компьютердин курсору боюнча монитордо буюм же заттын сүрөтү көрүнөт жана анын кыргыз, орус тилдериндеги аталышы жазылат.

Лексикалык материалдар менен усулдук жактан иштөөдө бир нече технологиялык кадамдардын болушу каралган, бул алгач эч кандай контекстсиз (сөздүн мааниси, графикалык көрүнүшү) сөзгө көңүл буруудан башталып, анын коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрүн өздөштүрүүгө, кеп байланышындагы өзүнүн чыныгы максаттарына жетишүү үчүн ага катышуу жөндөмдүүлүгүнө карай багытталат[2].

Бардык көнүгүүлөр (лексико-грамматикалык жана кырдаалдык ) тематикалык лексиканын негизинде куралып, бир гана практикалык максатка жетүүнү көздөйт жана студенттердин лексикалык минимумдарды көп өздөштүрүүсүнө багытталат.

Ошентип, бул иштелип чыккан электрондук окуу китеби кыргыз тилин бөтөн тил катары окутуунун практикалык курсу боюнча Жумушчу программада берилген салттуу кеп темаларына жана кырдаалдарына байланыштуу болгон лексикалык минимумдарды карайт жана баарынан мурда студенттердин аудиториядан тышкары тил үйрөнүү иштерине багытталган, ошону менен бирге эле алардын окутуучунун жетекчилиги менен аудиториядагы коммуникативдик окуу ишмердигине кошумча каражат болуп берет.

Кыргыз тили боюнча окуу сааттарынын санынын жетишсиздигине, окуу тайпаларындагы студенттердин санынын көп болушуна байланыштуу аудиторияда окутулуп жаткан лексиканы толук жана жеткиликтүү кылып түшүндүрүү ишинде кыйынчылыктар пайда болот, ошондуктан бул электрондук окуу китебиндеги берилген материалдар аларды чечүүгө өтө керек экендигин белгилеп коюу керек. Алардын жарда-

мы менен баарынан мурда окуу сааттарынын санын көбөйтүүгө толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул биринчи кезекте студенттердин саны көп болгон аудиториялык шартта аткаруу көп кыйындыкка турат.

**Корутунду**

Жыйынтыгында белгилеп кете турган нерсе электрондук (виртуалдык) билим берүү чөйрөсүн түзүү – бул татаал процесс болуп саналат, ал үчүн усулчулар, программисттер биргелешип, жамаат менен иштешүү талап кылынат.

**Адабияттар**

1. Дунаева Л.А. Средства информационных и коммуникационных технологий в обучении иностранных учащихся научному общению. М., 2006.

2. Руденко-Моргун О.И. Электронный учебник русского языка: история и перспективы. М., 2006.

**УДК.: 004. 382. 801.663**

# КОМПЬЮТЕР – ЛИНГВИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТЫ КАБЫЛ АЛУУНУН ОКУТУУ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

***Исмаилов А.У.***

***И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Бишкек, Кыргыз Республикасы***

# COMPUTER IS TNE MEANS OF GETTING LINGUISTIC INFORMATION

***Ismailov A.U.***

***Kyrgyz State Technical University after I.Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic***

*Бул макалада, болочок инженерлерге компьютер - лингвистикалык маалыматты кабыл алуу идеалдуу окутуу каражаты катары талдоого алынган.*

*В этой статье, компьютер анализирован как идеальное средство при приеме информаций в лингвистической подготовке будущих инженеров.*

*The computer is analyzed as ideal means at reception of information on linguistic preparation of future engineers in this article.*

**Киришүү**

Азыркы учурда жогорку окуу жайларда тилди үйрөтүүдө абдан чоң көңүл маалыматтык технологияларга бурулат. Окуу процессинде грамматикалык же лексикалык материалды үйрөтүү үчүн түзүлгөн программалар колдонулат. Мындан тышкары, лексикалык материалды үйрөтүү белгилүү бир контексттин алкагында жүрүүчү, графикалык материал, аудио- жана видеоматериалдар кошулуучу программалар түзүлүүдө. Фонетикалык көндүмдөрдү калыптандырууга жардамдашуучу программалар, ошондой эле оюн элементтерин камтыган программалар колдонулууда. Зарыл лингвистикалык маалыматты окутуучулар да, студенттер да, азыркы учурда Интернеттен алып колдонушат[2] (English.03.ru;metland; Bussuu.com; Promt; ж.б сайттардан).

**Изилдөөнүн максаты**

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын кеңири спектринде түйүндүүлөрү электрондук окуу куралдары менен окуу китептери болуп саналышат. Дал ошондуктан ЖОЖдун окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу курстарынын программасына мультимедиялык окуу куралын түзүүгө жардамдашуучу ар кандай программалар менен иштөөгө үйрөтүү кирет. Бул программаларда тексттик материалды гана эмес, графиканы, аудио-видеоматериалдарды камтыган окуу куралын түзүүгө жол берет, ошондой эле жаңы материалды өздөштүрүү сапатын жакшыртууга жана предметке кызыгуу менен тилди үйрөнүүгө мотивацияны арттырууга жардамдашуучу бир катар көнүгүүлөрдү компьютер аркылуу түзүүгө мүмкүндүк берет. Изилдөөнүн максаты – тилди үйрөтүүдөгү компьютердик каражаттардын жогоруда аталган мүмкүнчүлүктөрү менен артыкчылыктарын ачып берүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн ыкмасы**

Сөз тилди бөтөн тил катары окутуу жөнүндө болуп жаткандан кийин изилдөөнүн салыштырма-баяндоочулук ыкмасы колдонулду. Анткени эки тилдин грамматикасын салыштыруу жана сөздөрдү которуу менен лексикалык минимумдарды кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейет. Мындай мүмкүндүктөр өз алдынча бирдиктүү окуу комплектисинен туруп, анын курамына төмөнкүлөр киришет: окуу куралы, иш дептери,

мы менен баарынан мурда окуу сааттарынын санын көбөйтүүгө толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул биринчи кезекте студенттердин саны көп болгон аудиториялык шартта аткаруу көп кыйындыкка турат.

**Корутунду**

Жыйынтыгында белгилеп кете турган нерсе электрондук (виртуалдык) билим берүү чөйрөсүн түзүү – бул татаал процесс болуп саналат, ал үчүн усулчулар, программисттер биргелешип, жамаат менен иштешүү талап кылынат.

**Адабияттар**

1. Дунаева Л.А. Средства информационных и коммуникационных технологий в обучении иностранных учащихся научному общению. М., 2006.
2. Руденко-Моргун О.И. Электронный учебник русского языка: история и перспективы. М., 2006.